| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА** |

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин**
**VII чакырылышындагы V сессиясы**
**Токтом**

**2024-жылдын 26-июну №18** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнө караштуу Туура-Суу айылын кеңейтүү максатында трансформацияланып жаткан 12,5 га жер аянтынын инфраструктурасын өнүктүрүүгө байланышкан чыгымдары жөнүндө.**

---

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын “Бюджет Кодексине” жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Кылжыровдун сунушун угуп, талкуулап жергиликтүү Кеңештин сессиясы ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнө караштуу Туура-Суу айылын кеңейтүү максатында трансформацияланып жаткан 12,5 га жер аянтынын инфраструктурасын өнүктүрүүгө ( электр менен жабдуу, жолдору, бала бакчаны жана башка социалдык обьектилерди куруу) байланышкан чыгымдары Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл аймагынын башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Г.Садыровага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов жергиликтүү Кеңешинининин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча комиссиянын төрагасына тапшырылсын.

Төрага Р.Белекова

Катчы Г.Садырова